# “№16 жалпы орто билим берүү мектеби” мекемесинин ЖОБОСУ

Бишкек – 2018

“№16 жалпы орто билим берүү мектеби” мекемесинин

Жобосу

## 1. Жалпы абал

1.1. “№16 жалпы орто билим берүү мектеби” мекемеси (кийинки тексттерде – мектеп) жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу муниципалдык жалпы билим берүүчү мекеме болуп саналат.

1.2. Мектептин түзүүчүсү болуп Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү башкармалыгы (Бишкек шаары, Пушкин көчөсү 125 дарегинде жайгашкан) эсептелинет.

1.3. Мектептин уюштуруучулук-укуктук формасы – муниципалдык жалпы билим берүү мекемеси ыкчам башкаруу укугуна ээ.

1.4. Мектеп өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин, Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү башкармалыгынын жана башка билим берүү башкаруу органдарынын буйруктарын, ошондой эле ушул Жобону аткарат.

1.5. Мектеп чектелбеген мөөнөткө түзүлөт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде мамлекеттик каттоодон өтөт.

1.6. Жалпы билим берүү мекемелеринин аталыштары:

Мамлекеттик тилде – Бишкек шаарынын Свердлов районунун “№16 жалпы орто билим берүү мектеби” мекемеси (кыскача - №16 ОМ);

Расмий тилде – Бишкек шаарынын Свердлов районунун “№16 жалпы орто билим берүү мектеби” мекемеси (кыскача - №16 ОМ).

Мектептин юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Широкая 2а көчөсү. Тел.: 67-90-92.

## 2. Укуктук статус

2.1. Мектеп мамлекеттик каттоодон өткөн күнүнөн баштап юридикалык жүз болуп саналат жана каржылык-чарбалык, укуктук өз алдынчалуулукка, жалпы мүлккө, өз алдынча балanска, мамлекеттик жана расмий тилдеги өзүнүн аталышы бар мөөр, штамп жана бланкага ээ.

2.2. Мүлк Мектепке бекитилген жана Мектеп аны КРнын мыйзамынын негизинде башкаруу, колдонуу, бөлүштүрүү укугуна ээ. Мектептин мүлкүнө мекемедеги негизги каражаттар, куралдар, инвентарь, жер тилкеси жана башкалар кирет.

2.3. Мектеп КРнын мыйзамынын негизинде эл аралык уюмдардын фонддору, КУУ, жогорку окуу жайлары, фирмалар, юридикалык жана физикалык жүздөр менен илимий-изилдөө, маданий-агартуучулук маселелер боюнча өз алдынча түз байланыш түзүү укугуна ээ. Бардык кызматташуулар келишимдердин негизинде жүргүзүлөт.

2.4. Мектеп педагогикалык, илимий жана башка ассоциацияларга, бирикмелерге (анын ичинде эл аралык) кире алат жана олимпиадаларга, конференцияларга, конгресстерге, кызматташууларга катыша алат.

2.5. Мектеп өзүн коомдук аккредитациялоо, окуу жагынан, илимий, маданий жана материалдык колдоо максатында бардык мекемелөргө, анын ичинен эл аралык уюмдарга кайрыла алат.

2.6. Мектеп акча каражаттары, мүлк жана башка физикалык, юридикалык жүздөр тарабынан белекке алган же болбосо мураска калтырылган объектилерге, ошондой эле өз ишмердүүлүгүндө тапкан кирешесине ээлик кылууга укуктуу.

2.7. Мектеп түзүүчүнүн макулдугу менен өзүнө бекитилген мүлктү мыйзамдын негизинде ижарага берүүгө укуктуу. Андан түшкөн киреше белгилүү максаттар үчүн пайдаланылат.

2.8. Мектеп мыйзамда каралган бардык жарандык-укуктук келишимдерди ишке ашырууга, сотто доочу жана жооп берүүчү болууга жана башка укук, милдеттерге ээ болууга укуктуу.

2.9. Мектептин ишмердүүлүгү КРнын мыйзамынын негизинде аттестацияланат.

2.10. Түзүүчүлөр КРнын мыйзамында көрсөтүлгөндөй, Мектептин милдеттенмелери боюнча жоопту болушат.

3. Мектептин ишмердүүлүгүнүн предмети жана максаттары

3.1. Мектептин негизги максаты болуп окуучулардын жалпы инсандык маданиятын калыптандыруу, аларды коомдо жашоого көндүрүү, келечекте профессионалдык билим берүү программасын жана жарандык тартипти өздөштүрүүсүнө жардам берүү, окуучулардын чыгармачылык, интеллектуалдык өнүгүүсү, инсандык калыптануусу үчүн шарттарды түзүү, заманбап билим берүү процессине көндүрүү саналат.

3.2. Мектеп ишмердүүлүгүнүн предмети болуп жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашыруу эсептелинет.

3.3. Мектепте окугандарга чыгармачылык жөндөмүн ишке ашыруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр түзүлөт. Эң жөндөмдүүлөрүнө жеке окуу планы жана программасы боюнча окууга, өзүнчө курстарга барууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

4. Ишмердүүлүктүн негизги принциптери

4.1. Мектеп төмөнкү принциптердин негизинде иштейт:

- Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын сапаттуу билим алууга укугунун бирдейлиги;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын аткарылышы;
- Билим берүүнүн натыйжалуу системасынын түзүлүшү;
- Жалпы билим берүү мекемесинин каржылык камсыздалышы;
- Мамлекеттик каржылык ресурстардын рационалдуу колдонулушу;

- Билим берүү мекемелеринин бюджеттик каржылоосун каржылоонун бирдиктүү нормативдеринин негизинде камсыз кылуу.
- Билим берүүнүн системдүүлүгү жана үзгүлтүксүздүгү;
- Ар бир жарандын мамлекеттик муниципалдык окуу жайларында негизги башталгыч, жалпы орто билим алуусун милдеттендирүү жана акысыз кылуу;
- Кошумча билим берүүдөн жана башка кошумча акылуу кызматтардан түшкөн кирешени өз алдынча бөлүштүрүү;
- Жалпы билим берүү мекемелеринин каржылык ишмердүүлүгүн коомдук-мамлекеттик көзөмөлдөнүшүн ачык кылуу;
- Билим берүүнүн саясат менен динден көз карандысыздыгы, окутуунун светтик мүнөзү.

## 5. Укуктар жана милдеттер

5.1. Мектеп өз кызматын аткарууда төмөнкү укуктарга ээ:

- Чыгашалардын сметасын өз алдынча иштеп чыгуу жана бекитүү;
- Өзүнүн материалдык-техникалык, каржылык жана кадрдык ресурстарын өз алдынча колдонуу;
- Негизги башталгыч, жалпы орто билим берүү программаларын мамлекеттик жана расмий тилде ишке ашырууну камсыз кылуу;
- Окутуунун, тарбиялоонун формаларын, ыкмаларын Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын негизинде өз алдынча тандоо, колдонуу;
- Окуучуларды мектепке кабыл алуу: мектепке мектептин аймагында жашаган жана ошол аймакта жашабаган, бирок башка мектептерден орун жоктугуна байланыштуу келген бардык окуучулар кабыл алынат;
- Окуучуларды КРнын мыйзамынын негизинде баалоо, аттестациялоо жана аларга форма тандоо;
- КРнын билим берүү министрлигинин актыларынын негизинде мектеп бүтүрүүчүлөрүнө жыйынтыктоочу аттестация жүргүзүү жана мектептин мөөрү көрсөтүлгөн мамлекеттик үлгүдөгү документ берүү;
- Кошумча билим берүү программаларын, кызматтарын түзүү, ЖОЖго даярдык программасы боюнча окутуу, атайын курстарды өтүү, балдарды 1-класска даярдоо программасын жана башка ар кандай ийрим, спорттук программаларды ишке ашыруу;
- Инициатива же түзүүчүнүн макулдугу менен билим берүү процессин оптималдаштыруу максатында филиалдарды түзүү, каржылык ресурстарды рационалдуу пайдалануу;
- Улуттук, мамлекеттик программаларды ишке ашырууга катышуу;

- Жалпы билим берүүнү жакшыртуу маселелери боюнча мамлекеттик жогорку башкаруу органдарына сунуш киргизүү;

- Билим берүүнү өнүктүрүү максатында коомдук, эл аралык уюмдарга кирүү жана алардын ишмердүүлүгүнө катышуу;

5.2. Мектеп төмөнкүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү:

- Жалпы билим берүүнү жана анын мамлекеттик билим берүү стандарттарына дал келүүсүн камсыз кылууга;

- Окутуу ыкмаларын, формаларын, каражаттарын окуучулардын психологиялык, куракт ык өзгөчөлүгүнө жана жөндөмүнө, ден соолугуна, кызыкчылыгына карап тандоо;

- Санитардык-гигиеналык эрежелерди сактоо;

- Чың жашоо образын жана окуучулардын санитардык-гигиеналык тарбияланышын пропагандалоо.

5.3. Окуучуларга карата физикалык жана психикалык күч колдонуу ыкмасын колдонууга тыюу салынат;

5.4. Мектепте кайсы бир саясий партиялардын, коомдук-саясий, диний кыймылдардын жана уюмдардын ишмердүүлүгүн жайылтууга тыюу салынат;

5.5. Окуучуларды саясий партияларга, кыймылдарга, уюмдарга кошулууга жана алардын үгүт иштерине катышууга мажбур кылууга тыюу салынат.

## 6. Билим берүү процесси

6.1. Мектептеги окутуу мамлекеттик жана расмий тилде жүргүзүлөт. Кыргыз тили мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили катары окутулат. Расмий тил болгон орус тили, ошондой эле бир чет тили Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен базалык окуу планына ылайык үйрөтүлөт. Башка чет тилдер мектептин администрациясынын кароосу боюнча окутулат.

6.2. 1-класска алты жаштан баштап, бирок жети жаштан ашпаган балдар ата-энелеринин каалоосу менен кабыл алынат.

6.3. Окуучуларды мектепке кабыл алуу буйруктун негизинде ишке ашат жана Кыргыз Республикасынын билим берүү тууралуу мыйзамына каршы келбеген эрежелер боюнча жүргүзүлөт.

6.4. Мектепте билим берүү процесси билим берүүнүн үч тепкичи боюнча жүргүзүлөт:

1 – башталгыч билим берүү (4 жыл)

2 – жалпы негизги билим берүү (5 жыл)

3 – орто билим берүү (2 жыл).

Мектептеги жалпы билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүүнүн стандарттарынын негизинде иштелип чыккан, бекитилген жана ишке ашкан программалар менен аныкталат.

6.5. Билим берүү процессинин уюшулушу сабактардын окуу тартибине ылайык базалык окуу планынын негизинде курулат. Мындан жалпы билим берүү мекемеси КРнын мыйзамына ылайык график боюнча иштейт.

6.6. Академиялык сааттын узактыгы – 45 мүнөт, 1-класста – 40 мүнөт.

6.7. Мектеп окуучулардын ата-энелеринин каалоосу менен акы төлөп окуй турган топторду ачууга укуктуу.

6.8. Жалпы билим берүү программасын толук өздөштүргөн окуучулар кийинки класска которулат. Кийинки класска окуу жылынын жыйынтыгы боюнча бир гана сабактан карызы барлар шарттуу түрдө которула алат. Окуу программасын толук өздөштүрбөгөн жана эки же андан ашык сабактан карызы барлар ошол классты кайра окууга калтырылат. Кийинки класска которуу кандай гана учур болбосун, Педагогикалык Кеңештин чечими боюнча жүргүзүлөт.

6.9. Жалпы билим берүү программасын өздөштүрүү сөзсүз түрдө бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо менен аяктайт. Аттестациялоо Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жүргүзүлөт.

6.10. Жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн бүтүрүүчүлөргө мектептин мөөрү басылган билим берүүнүн деңгээли тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документ берилет. Окууда өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөргө өзгөчө үлгүдөгү күбөлүк жана аттестат берилет.

6.11. Мектепте окуучуларга Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык сабактан тышкаркы убакта Билим берүү министрлиги тарабынан бекитилген бекер кошумча билим берүү жүргүзүлөт.

6.12. Мектеп ата-энелердин макулдугу менен жана атайын бекитилген окуу планы боюнча ар кандай кошумча акылуу билим берүү кызматтарын уюштура алат. Бул КРнын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы №563 Токтомунун негизинде жүргүзүлөт.

6.13. Мектептеги класстардын саны жарандардын арыздарынын санынан көз каранды болот. Бирок класстарды толуктоонун санитардык жана башка эрежелерди эске алуу менен.

6.14. Окуучулардын жана алардын ата-энелеринин кызыкчылыктарын эске алуу менен, ошондой эле түзүүчүнүн макулдугу менен мектепте даярдоочу класстар жана расмий тилди билбеген, даярдалбаган балдар үчүн бюджеттин эсебинен же контракттык негизде атайын класстар ачылышы мүмкүн.

6.15. Окуучулардын бекер медициналык тейлениши атайын бекитилген саламаттыкты сактоо мекемеси тарабынан камсыздалат. Окуучуларды дарылоо-алдын алуу иш-чаралары, санитардык-гигиеналык эрежелерди жана тамактануунун режими менен сапатын сактоо үчүн администрация жана мугалимдер жооптуу болушат.

## 7. Билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары менен милдеттери

7.1. Мектепте билим берүү процессинин катышуучулары болуп окуучулар, педагогикалык жумушчулар, окуучулардын ата-энелери (же алардын ордун басуучулар) эсептелинет.

7.2. Мектепке кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана ушул Жобонун негизинде ишке ашат.

7.3. Жалпы орто билим алуу үчүн мектепке кабыл алуу окуучулардын ата-энелеринин арызынын негизинде жүргүзүлөт.

7.4. Окуучуларды мектепке кабыл алууда балдардын ден соолугуна көңүл бурулат.

7.5. Мектепке балдарын киргизүүдө ата-энелер төмөнкү документтерди тапшырат:

- Мектеп жетекчисинин атына арыз;
- Ата-энелердин паспорту (каттоосу менен);
- Туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- Баланын мектепте окуусуна мүмкүн экендиги тууралуу дарыгерлердин көрсөтмөсү жазылган медициналык карта;
- Жашаган жеринен маалым кат;
- Жылдык баалар көрсөтүлгөн жеке дело. Анда баланын мурда окуп кеткен мектебинин мөөрү болушу шарт. Эгер бала жыл ичинде которулса, анда бардык сабактарынан алган баалары мөөрү менен көрсөтүлүшү керек.
- Толук эмес орто билим берүү тууралуу күбөлүк (10-11-класстар үчүн).

7.6. Мектеп кабыл алынган окуучу жана анын ата-энесин мектептин Жобосу жана башка билим берүү тартибине тиешелүү документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

7.7. Окуучулардын жана алардын ата-энелеринин укуктары менен милдеттери билим берүү мекемеси тууралуу Типтүү абалдын (КРнын билим берүү жана илим министрлигинин 2011-жылдын 12-сентябрындагы №541 Буйругу менен бекитилген) негизинде мектептин Жобосуна ылайык аныкталат.

7.8. Мектеп окуучулары төмөнкүлөргө укуктуу:

- КРнын “Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзамынын негизинде бекер толук орто билим алууга;
- Билим берүү формасын тандоого: күндүзгү (өзгөчө учурларда гана кечки, экстернат жана үй-бүлөлүк билим берүү);
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде жеке окуу программасы боюнча окууга;
- Мектептин китепканасы, маалыматтык, маданий-спорттук ресурстарын пайдаланууга;
- Кошумча (анын ичинде акылуу) билим берүү кызматтарын колдонууга;
- Жобонун негизинде мектепти башкарууга катышууга;

- Сабактан тышкаркы убакта ийримдерде, клубдарда, курстарда чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүгө;
- Өз көз караштарын, оюн айтууга.

Окуучуларга карата физикалык жана психикалык күч колдонууга тыюу салынат.

7.9. Окуучуларды кайсы бир коомдук уюмдарга кирүүгө, алардын үгүт иштерине катышууга мажбурлоого тыюу салынат.

7.10. Билим берүү программасын толук өздөштүргөн окуучулар кийинки класска которулат.

7.11. Мектеп окуучулары төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Мектептин Жобосун сактоого жана аткарууга. Ички эрежелерди сактоого;
- Билим берүү программасын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык өздөштүрүүгө;
- Окуу пландарында жана программасында каралган бардык тапшырмаларды өз убагында аткарууга;
- Демократияга, жалпы маданиятты жогорулатууга, өзүн-өзү көзөмөлдөөгө, толеранттуулукка жана жоопкерчиликтүү болууга аракет кылуу;
- Кыргыз элинин жана Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган башка элдин салтын сыйлоого;
- Мектеп мүлкүнө жана окутуунун техникалык каражаттарына аяр мамиле кылууга. Керек учурда класстагы эмеректерге кичи оңдоп-түзөө жасоого, ал эми мүлктү сындырган учурда ата-энеси менен биргеликте жаңылоого;
- Сабактарды себепсиз калтырбай, өз ыктыяры менен окууга;
- Мектеп кийими боюнча мектептин талаптарын аткарууга;
- Мектеп окуучуларын жана жумушчуларды сыйлоого, орой мамиле кылбоого;
- Жумушчулардын талаптарын Жобонун жана ички эрежелердин негизинде аткарууга.

7.12. Мектеп окуучуларына төмөнкүлөргө таптакыр тыюу салынат:

- Курал, спирттик ичимдик, тамеки жана наркотикалык заттарды алып келүүгө, колдонууга;
- Окуу процессинде уюлдук телефон колдонууга;
- Жарылууга жана өрттү пайда кылууга алып келген ар кандай заттарды, каражаттарды колдонууга;
- Физикалык күч колдонууга, коркутуп акча алууга;
- Айланадагыларга коркунуч туудура турган иш-аракеттерди жасоого;

Окуучулардын башка милдеттери техникалык коопсуздук боюнча эрежелердин, мектеп мүдүрүнүн буйругунун негизинде аныкталат.

7.13. Окуучулардын ата-энелери (же алардын ордун басуучулар) төмөнкүлөргө укуктуу:

- Билим берүү мекемесин жана андагы окутуу формасын тандоого;
- Балдардын мыйзамдык укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого. Бул максатта ата-энелер жазуу түрүндөгү арыз менен мектеп мүдүрүнө кайрыла алышат жана ал бир айдан ашпаган убакытта жооп берүүсү зарыл. Ата-энелер менен мугалимдердин ортосунда баа боюнча түшүнбөстүк чыккан учурда атайын предметник адистерден комиссия түзүлөт да, окуучунун билими текшерилип, тиешелүү баа коюлат;
- Педагогикалык кеңештерге баласынын жетишкендигинде жана тарбиясында маселе жаралган учурда гана катыша алат.
- Билим берүү процессинин жүрүшү, мазмуну менен, окуучунун баалары менен таанышууга. Бул максатта мугалимдин сабактарына катыша алат. Бирок мектеп мүдүрүнүн, сабак өтүп жаткан мугалимдин уруксаты менен;
- Мектепке барууга жана акыркы сабак бүткөндөн кийин мугалимдер менен баарлашууга;
- Жобонун негизинде мектепти башкарууга катышууга;
- Мектептин өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүү максатында коомдук бирикмелерди, фонддорду түзүүгө.

7.14. Ата-энелер (же алардын ордун басуучулар) төмөнкүлөргө милдеттүү: Мектептин Жобосун аткарууга;

- Баланын негизги жалпы билим алуусу үчүн керектүү шарттарды түзүүгө;
- Баланын академиялык карыздарын жоюуну камсыз кылууга;
- Ата-энелер чогулушуна катышууга, мугалимдердин жана администрациянын сураныычы менен мектепке келүүгө;
- Баланын ден соолугуна кам көрүүгө, анын оорусу тууралуу өз убагында мектепти кабардар кылууга, ооруган баласын мектепке жибербөөгө, бала 2 күндөн ашык сабактан калса дарыгерден маалым кат алып барууга;
- КРнын мыйзамына ылайык, бала мектепке материалдык зыян келтирсе, аны төлөөгө;
- Кошумча акылуу билим берүү кызматтарынын акысын өз убагында төлөөгө;
- Окуучуларды, башка ата-энелерди, мектеп жумушчуларын сыйлоого;
- Педагогдор жана мектеп кызматкерлери менен болгон мамиледе этиканы сактоого;
- Баланын тарбиясы боюнча жоопттуу болууга;
- Окуу-тарбиялык иштерге тоскоолдук кылбоого;

- Баланын укуктары боюнча Конвенциянын принциптерин сактоого;

7.15. Ата-энелердин башка укуктары менен милдеттери алардын мектеп менен келишиминде бекитилиши мүмкүн.

7.16. Мектеп кызматкерлерин жумушка кабыл алуу ушул Жобонун негизинде ишке ашат. Педагогикалык кызматка педагогикалык квалификациясы, атайын адистиги барлар билими тууралуу документи менен кабыл алынат. Атайын билими жоктор мектеп мүдүрүнүн келишими менен кабыл алынат.

7.17. Кызматкер менен мектеп администрациясынын мамилеси Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде жөнгө салынат.

7.18. Мектеп кызматкерлери төмөнкүлөргө укуктуу:

- Жобонун негизинде мектепти башкарууга катышууга;
- Профессионалдык намысын жана жетишкендигин коргоого;
- Окутуу, тарбиялоо ыкмасын, окуу китептерин, куралдарын, билимди баалоо ыкмасын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана билим берүү тармагындагы башка документтердин негизинде эркин тандоого, колдонууга, түзүүгө;
- Педагогикалык тажрыйбасын практикада колдонууга;
- Профессионалдык квалификациясын жогорулатууга;
- Аттестациядан өтүүгө.

7.19. Мектеп кызматкерлери төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Мектептин Жобосун жана педагогикалык этиканын эрежелерин сактоого жана аткарууга;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде окуучуларды билим берүү программасы менен камсыз кылууга;
- Өз алдынчалуулукту өнүктүрүүгө, жумушуна чыгармачылык менен мамиле кылууга, окуучуларда адеп-ахлактык сапаттарды калыптандырууга;
- Квалификациясын жогорулатып турууга;
- Окуучуларга моралдык жана физикалык күч колдонбоого;
- Медициналык кароодон өтүүгө;
- Педагогикалык кеңештерге жана чогулуштарга катышууга;
- Окуучулардын ата-энелери менен дайыма байланышта болууга;
- Мектеп администрациясына керектүү маалыматтарды көрсөтүүгө, документ иштерин толук аткарууга.

7.20. Мектеп кызматкеринин башка укуктары менен милдеттери мектеп тарабынан иштелип чыккан тиешелүү кызматтык инструкциялардын негизинде аныкталат.

## 8. Мектептин структурасы

8.1. Мөктептин структурасы ушул Жобону жана коюлган маселелерди эске алуу менен мектеп мүдүрү тарабынан аныкталат. Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү башкармалыгы тарабынан бекитилет.

8.2. Кызматкерлердин саны каржылык ресурстарды жана окуучулардын санын эскө алуу менен өз алдынча аныкталат.

Жумушчулардын кызматтык милдеттери мүдүр тарабынан бекитилген ички эрежелердин негизинде аныкталат.

## 9. Мектепти башкаруу

9.1. Мектепти башкаруу Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамына жана ушул Жобого ылайык демократиялуулук, ачыктык, адам жашоосун жана ден соолугун коргоо, эркин инсандык өнүгүү принциптеринин негизинде ишке ашат.

9.2. Мектөпти башкаруу Жогорку органынын кызматын Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү башкармалыгы ишке ашырат.

Мектепти башкаруу Жогорку органы төмөнкүлөрдү аткарат:

- Жобону бекитүү, мектеп Жобосуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
- Мектеп ишмердүүлүгүнүн (анын ичинде билим берүү) негизги багыттарын аныктоо, окуу пландарын жана алардын аткарылышы тууралуу отчетторду бекитүү;
- Мүдүрдү дайындоо, анын отчетторун бекитүү;
- Мектептен жыл сайын акча каражаттарынын чыгымдалышы тууралуу отчет, мектептин ишмердүүлүгү тууралуу маалымат алуу;
- Мектепти материалдык-техникалык жана каржы жагынан камсыз кылуу.

9.3. Мектепти КРнын мыйзамынын негизинде дайындалган мүдүр жетектейт.

9.4. Мектептин мүдүрү:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын, КРнын "Билим берүү жөнүндөгү", "Мугалимдин статусу жөнүндөгү" Мыйзамдарын жана жалпы орто билим берүү тармагындагы башка нормативдик укуктук актыларды сактайт жана аткарат;
- Педагогикалык жамаатты жетектейт;
- Мектептин штаттык тартибин бөкитет, кадрларды туура тандоону, жайгаштырууну камсыз кылат;
- Өзүнүн кызматтык чегинде буйрук, токтом чыгарат;
- Мектеп кызматкерлерин жумушка кабыл алат жана жумуштан бошотот;

- Райондук билим берүү борбору менен биргеликте мүдүрдүн орун басарын дайындайт;
- Жумушчулардын эмгек акысы жана сыйлык алуусу тууралуу ички абалды бекитет;
- Эсеп, каржы документтерине биринчи болуп кол коюуга укуктуу;
- Бюджет жана атайын каражаттар боюнча чыгашалардын сметасын бекитет, жана алардын аткарылышы тууралуу отчетко кол коет;
- Мыйзамга жана ушул Жобого ылайык, бардык орган, мекемелерде мектепти көрсөтет жана мектептин банктык эсебин ачат, келишим түзөт, мектептин мүлкүн башкарат;
- Каражаттардын максаттуу колдонулушун көзөмөлдөйт;
- Окуу жүктөмүн бөлүштүрөт, айлык акынын ставкасын түзөт;
- Мугалимдердин чыгармачылык жактан өнүгүүсү үчүн шарттарды түзөт;
- Окуучуларды кабыл алууну, мектепти бүтүрүүсүн, которулуусун, окуудан чыгышын жана кайра орношуусун уюштурат, материалдык-техникалык базанын бекемделиши жана өнүгүшү үчүн иш-чараларды өткөрөт;
- Окуу-тарбия иштери боюнча орун басары менен биргеликте окуучулардын билим сапатын, тарбиясын, класстан жана мектептен тышкаркы иштерди уюштурууну көзөмөлдөйт. Сабактарга катышуу менен педагогдордун ишмердүүлүгүн текшерет;
- Функционалдык милдеттерине ылайык башка кызматтарды да аткарат.

9.5. Мектептин мүдүрү ата-энелердин, мамлекеттин жана коомдун алдында чоң жоопкерчиликке ээ.

9.6. Мүдүрдүн орун басарынын жана башка кызматкерлердин кызматын мүдүр аныктайт.

9.7. Мектептеги башкаруу формалары болуп педагогикалык, илимий-методикалык, көзөмөлдүк кеңештер, эмгек жамааттын жалпы жыйыны, жалпы мектептик ата-энелер комитети жана окуучулардын өзүн-өзү башкаруусу эсептелинет.

9.8. Мектептеги башкаруу органдары окуучулардын бирдиктүү формасын жана ар кандай өзгөчө белгилерди түзө алат.

9.9. Көзөмөл кеңеши ушул Жобонун, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү мекемелериндеги көзөмел кеңештер жөнүндөгү» Жобонун негизинде иштейт.

9.10. Көзөмөл кеңешинин негизги ишмердүүлүгү болуп жарандардын мектептин ишмердүүлүгүн кезөмөлдөөгө катышуусун, мектептин коом менен тыгыз байланышын, бюджеттик жана бюджеттен сырткаркы каражаттардын ачык-айкын колдонулушун камсыз кылуу.

9.11. Көзөмөл кеңеши окуучулардын ата-энелеринин, коомдук уюмдардын (коомдук бирикме, фонд, мамлекеттик эмес мекеме ж.б.) өкүлдөрүнөн, бизнес-ассоциациялардан, кесиптик союздардан, ошондой эле жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын өкүлдерүнөн куралат.

9.12. Окуу-тарбия процессин өнүктүрүү, мугалимдердин , класс жетекчилердин профессионалдык чеберчилигин, чыгармачылыгын жогорулатуу үчүн мектепте Педагогикалык кеңөш иштейт. Педагогикалык кеңеш – бул мектеп мугалимдерин бириктирген жамааттык орган.

Мектептин Педагогикалык кеңешин (кийинки тексттерде – Педкеңеш) мектептин бардык педагогикалык кызматкерлери түзөт. Педкеңештин ишине төмөнкүлөр кирет:

- Мектепте окуу-тарбия процессинин абалын, мугалимдердин профессионалдык даярдыгынын деңгээлин, окуучулардын билимин, тарбиясын текшерүү;
- Окуучулардын аттестациясын өткөрүү тартибин аныктоо;
- 9-11-класстардын жыйынтыктоочу аттестациясын өткөрүү үчүн сабактардын санын аныктоо;
- 1 академиялык карызы бар окуучуларды кийинки класска шарттуу түрдө которуу;
- Окуу жылынын жыйынтыгы боюнча 2 же андан ашык академиялык карызы бар окуучуларды ошол классты кайрадан окууга калтыруу;
- Билим берүү программасын толук өздөштүргөн окуучуларды кийинки класска которуу;
- Окуу-тарбия процессине тиешелүү педагогикалык маселелерди чечүү;
- Педагогикалык кадрларды даярдоо жана аларды аттестациялоону уюштуруу, ишке ашыруу;
- Мектеп мүдүрүнүн, анын орун басарларынын отчетторун угуу, алардын иштерине сунуш киргизүү;
- Мектеп ишмердүүлүгүнүн кыскарышына байланыштуу маселелерди кароо.

9.13. Мектептин методикалык кеңеши (кийинки тексттерде – Методкеңеш) мектептин тажрыйбалуу педагогикалык кызматкерлеринен, ошондой эле билим берүү тармагындагы илимий кызматкерлер менен адистерден түзүлөт. Методкеңештин алдында предметтик жана башка бирикмелер, топтор түзүлүшү мүмкүн.

Методкеңештин ишине төмөнкүлөр кирет:

- Мектептин окуу-тарбия процессинин жана методикалык иштердин камсыз кылынышын текшерүү;
- Мугалимдердин чыгармачылык тобун ж.б. бирикмелерин уюштуруу;
- Педагогикалык кадрлардын методикалык окуусу, окуу-тарбия процессинин маселелерин чечүү;
- Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу ыкмаларын, формаларын аныктоо;
- Педагогикалык кадрлардын методикалык окуусун пландоо, уюштуруу жана жөнгө салуу. Анын жыйынтыгын анализдөө, баалоо;
- Мектеп жамаатынын ишмердүүлүгү боюнча документтерди иштеп чыгуу жана аткаруу;

- Педагогдордун отчетторун угуу, алардын ишине сунуш киргизүү;

- Кызматкерлерди жана окуучуларды сыйлоо, стипендия берүү боюнча сунуштарды кароо.

9.14. Коомдук уюм катары мектепте класстык жана жалпы мектептик ата-энелер комитети иштейт. Алар үй-бүлө менен мектептин балдарды окутууда, тарбиялоодо биргеликте иш алып баруусуна жардам берет. Социалдык жактан корголбогон окуучуларга көмөк көрсөтөт.

9.15. Ата-энелер комитети жалпы класстык ата-энелер чогулушунда үчтөн кем эмес мүчө болуп дайындалат. Шайланган мүчөлөр төрага менен катчыны шайлайт. Ошондой эле жалпы класстык чогулушта жалпы мектептик ата-энелер комитетинин бир мүчөсү шайланат.

9.16. Шайланган мүчөлөр жалпы мектептик ата-энелер комитетин түзүшөт. Ал комитет төрагасын, катчысын, комиссия мүчөлөрүн шайлайт. Жалпы мектептик ата-энелер комитетинин төрагасы Педкеңештин мүчөсү болуп эсептелинет.

9.17. Жалпы мектептик ата-энелер комитети:

- Материалдык жардамга муктаждардын тизмесин бекитет;

- Керек учурда жалпы мектептик ата-энелер комитетинин коомдук фондун түзөт;

- Мектепти коргоо зарылчылыгы жана ага өз эрки менен акы төлөө тууралуу чечимди чыгарат;

- Мектептин чарбалык жана окуу-материалдык базасын бекемдөөгө жардам берет;

- Ата-энелерди мектептин жашоосуна активдүү катышууга чакырат.

9.18. Мектепте ошондой эле окуучулардын өзүн-өзү башкаруу жана окуучулук уюмдар түзүлүшү мүмкүн. Мектеп ал уюмдарга керектүү маалыматтарды берет жана мектепти башкаруу органдарынын отурумдарына катышууга, окуучуларга тиешелүү маселелерди талкуулоого уруксат берет.

## 10. Каржылоо булактары жана каражаттарды пайдалануу эрежелери

10.1. Мектептин негизги каржылоо булактары болуп төмөнкүлөр эсептелинет:

- Республикалык жана жергиликтүү бюджеттин каражаттары;

- Башка физикалык жана юридикалык жүздөрдүн өз эрки менен каржылоосу;

- Өз алдынча ишмердүүлүктүн түрлөрүнөн түшкөн киреше;

- Ата-энелердин кошумча акы төлөнүүчү кызматтар үчүн төлөгөн каражаттары;

- Эл аралык уюмдардын гранттары;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамына каршы келбеген башка булактар.

10.2. Мектептин мамлекеттик бюджеттен каржыланышы бюджеттик каржылоонун минималдык стандартынын негизинде ишке ашат.

10.3. Мектеп каржылык каражаттарын өз алдынча бөлүштүрөт. Ошондой эле кызматкерлердин эмгек акысын Билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акысын эсептөө тартиби тууралуу инструкциянын (КРнын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 1-июнундагы №270 Токтому) негизинде аныктайт. Аны менен катар штаттык окуу тартибин жана кызматтык милдеттенмелерди бөлүштүрөт.

10.4. Эксперименталдык режимде иштеген мектеп мыйзамга ылайык мамлекеттик жана муниципалдык бюджеттен кошумча каражат алууга укуктуу.

11. Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алуу

11.1. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор мектеп жамаатынын чогулушунда кабыл алынат. Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү башкармалыгы тарабынан бекитилет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде катталат.

12. Мектептин ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө

12.1. Мектептин ишмердүүлүгү ушул Жобонун жана Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде көзөмөлдөнөт.

13. Мектеп ишмердүүлүгүнүн кыскарышы

13.1. Мектептин ишмердүүлүгү түзүүчүлөрдүн чечими же соттун чечими боюнча жоюу же кайрадан уюштуруу түрүндө кыскарышы мүмкүн;

13.2. Бул учурда эреже боюнча, окуу жылы аяктагандан кийин окуучуларды ата-энелеринин макулдугу менен башка билим берүү мекемелерине которуу жоопкерчилигин түзүүчүлөр өздөрү алышат.

13.3. Жоюу иштерин КРнын мыйзамынын негизинде атайын комиссия жүргүзөт.

13.4. Мектептин документтери КРнын "Кыргыз Республикасынын улуттук архивдик фонду жөнүндөгү" мыйзамына ылайык сакталат жана колдонулат.

Мектептин мүдүрү: Суеркулова М.Ш.

Translation Company ОсОО
Вместе Вокруг Света
20/12 A, Panfilova street, Bishkek, Kyrgyz Republic
ИНН 02009201010160
тел.: (+996 312) 576500, 892272, 0555 788866